УДК 58.8.

*Эргашов С. г.и.к., Дилишатов Ө.У. улук окутуучу*
*Кыргыз-Өзбек университети*

# БАЙЫРКЫ ОШТУН ТАРЫХЫЙ-ГЕОГРАФИЯЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

# ИСТОРИКО-ГЕОГРАФИЧЕСКИЙ ОСОБЕННОСТИ ДРЕВНЕГО ОША

# HISTORICAL AND GEOGRAPHICAL FEATURES OF ANCIENT OSH

***Аннотация:*** *Макалада Ош шаарынын жана анын айланасынын тарыхый-географиялык өзгөчөлүктөрүн үйрөнүү максатында маалыматтар берилди. Анда араб географтарынын З.М. Бабурдун, Ю.А.Заднепровскийдин, Ош оазисинин аймактарын үйрөнүү усулу, алынган жыйынтыктар киргизилди. Практикада калктын канал казуусу жана сууну пайдалануу маданияты үйрөнүү керектиги каралды. Келечекте канал суусун пайдалануунун заманбап, тамчылатып сугаруу менен дыйканчылыкта түшүмдү жакшыртуу жагдайлары сунушталды.*

***Аннотация:*** *В статье рассматриваются особенности города Ош и его пригородной зоны в историко-географических целях. Здесь включены методы изучения территории. Ошского оазиса арабскими исследователями и данные З.М. Бабура, Ю.А.Заднепровского. Дано практические использование культур воды канала. В перспективе даны жителям современный, использование методами каплированной вод.*

***Abstract:*** *In the article features of the city of Osh and its suburbs are considered for historical and geographical purposes. Methods of studying the territory are included here. Osh oasis of Arab researchers and data Z.M. Babur, Yu.A. Zadneprovsky. Given the practical use of water channel culture. In the future, the inhabitants of the new culture are given the use of water.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Байыркы Ош, таш үй, сонун-тоо, сыя гүл, Сулайман-Тоо, оазис, Жавза, Тотон-Дөбө, Талдык, Кара-Суу каналы.*

***Ключевые слова:*** *древние Ош, каменная дома, блестящая гора, фиолетовая роза, гора-Сулайман, оазис, Жавза, Тотон-Дюбе, Талдык, Кара-Суйская канал.*

***Key words:*** *ancient Osh, stone houses, shining mountain, purple rose, mountain-Sulaiman.*

**Киришүү.** Эң байыркы тарыхый замандардан эле калк Ошто жана Сулайман-Тоо этегинде жашап келишкен. Алар өзү жашаган Оштун айланасына жанаша жаткан тоолуу аймакты үйрөнүшүп, анын жер байлыктарын дыйканчылыкта, кол өнөрчүлүктө колдонуу менен жашап келгенин азыркы дөбөлөр, андагы археологиялык маалыматтар тастыктап келет.

**Маселенин коюлушу,** Ош айланасындагы байыркы элдерди, анын ичинде байыркы Оштун айланасын тарыхый-маданий өзгөчөлүктөрүн үйрөнүү. Ош – Кара-Суу оазисиндеги канал сууларын ролун үйрөнүү аркылуу, аймактын эзелки турмуш маданиятын билүү.

Ош аймагындагы Сулайман-Тоо жөнүндө тарыхый доорлордон эле мусулмандар «Такти-и Сулайман» деп аташкан. Анда Сулайман падыша тоо алдына келип «хош!» дегендиктен кийинчелик Ош деп айтылып келет экен [1]. Биздин оюбузча тарыхый-географиялык жактан караганда Даван бийлиги, араб баскынчыларынын калтырган маалыматтарында тобунун ыйыктыгы жана коздугу менен байланыштуу аталыш болгондугу талашсыз.

Археологиялык казуулар боюнча 3018 жылдан мурдагы убакыт ичинде Оштун аймагында адамдардын аңчылык, бакчылык, дыйканчылык, кол өнөрчүлүк менен алектенгендиги тууралуу маалыматтар кезигет.

Бронза доорунда Сулайман-Тоо жана Ак-Бууранын сол жээктеринде, Чаян-Тепеде калк жашаганы жазылган [2]. Бул дөңсө бүгүнкү күндө жогорудагы маалыматтарды айгинелеп турат.

Тарыхый эмгектерде араб аймактарында жашаган Йакут деген географ 1224-жылы «Өлкөлөрдүн аттарынын алфавиттик жыйнагы» эмгегинде кыргыздар, Ош жөнүндө жазган [3].

Оштун айланасындагы жерлерде байыркы дыйканчылык, бакчылыктын өнүккөндүгү байкалган. Алсак, Озгур айылы жанында IV кылымга таандык казылма табылган (1979). Мындай далил байыркы Фергана менен байланышта экени талашсыз.

Ю.А.Заднепровский археологиялык казылма материалдардын негизинде Оштун калыптануусун 3 баскычта болгон:

- биринчи баскыч алгачкы – дыйканчылык (3000 ж);
- экинчи баскыч баштапкы темир доору;
- үчүнчү Даван хандыгы доору.

IX-X кылымда белгилүү араб географтары Абул Касым Хардарбек, Ибн Хаукалдар Ош шаары, Өзгөн шаары, Мады бири-бири менен байланышта экени жана Ак-Буура суусунан дыйканчылыкта, бакчылыкта пайдаланылганы о.э. маданияты тууралуу жазышкан. Караханиддер доорунда аймакта чоң чарбалык, маданий иш чаралар болгонун белгилешкен. Кийинчерээк, XIV-XV кылымдарда чоң өзгөрүүлөрү болгон.

Ошто орто кылымда Ак-Буура алабынан Ош айланасына, Анжиян аймагына X кылымда 9 суу арыктары казылып, дыйканчылык маданияты кеңири жайылып турганы жөнүндө маалыматтар бизге аз жетип келген.

Оштун айланасы жана Сулайман-Тоонун табияты, климаты, суулары тууралуу айрым эмгектерде маалыматтар берилген. Атап айтканда, З.М. Бабур өзүнүн китебинде Баракух-Тоо, Ош-чебинин түштүк-чыгышында жайгашкандыгы, тоонун үстүндө эки чакан хужра («Таш-үй») тургандыгы, анын ылдыйкысы 1496-1497-жылдары өзү курдурганын жазган. Тоодон чоң булак суусу агып түшкөнү тууралуу билдирген. «Баркух» фарсы, тажик тилдеринде – «Сонун-Тоо (Барок – сулуу, көркөм, сонун, кооз; кух – тоо маанисин билдирген).

Кийинки мезгилдерде бул энчилүү ат унутулуп, тоо бара-бара Сулайман тоосу аталып калган.

З.М. Бабурдун «Бабур-наме» эмгегинде Ош шаары жана анын айланасын табияты тууралуу төмөнкүдөй жазган:

«Дагы бир Ош шаары бар. **Сыя гүлү** абдан сонун. Агын суулары бар. Жазы абдан сонун болот. Калың лола жана гүлдөр ачылат. Баракух тоосунун этегинде дарыя менен бактардын арасында Жавза аттуу кичинекей мечит салынган. Мечиттин тоо жагынан чоң суу агат.

Бул мечиттин тышкы короосу бир аз эңкейинки, назик беделер баскан ар тарабы көлөкөлөнгөнгө ыңгайлуу таза майданы бар. Ар бир мусулманда жана жолоочу мында эс алат. Оштун карапайым калкынан кызыктай бир адаты бар; Эгер кимдир бирөө уктап кетсе, алар арыктан суу алып үстүнө төгүшөт. Фергана аймагында Оштой сонун жана абасы таза башка шаар жок» [1].

Көрүнүктүү акын, белгилүү кол башчынын жазганына караганда ошол доордо эле Оштун кайталангыс, ири маданият борбору экени, айлана-чөйрөсү кооз экенинен дарек берет.

Ош оазисинин аймагындагы тарыхый-географиялык маалыматтары байыркы **Шурабашат заманы** менен байланышкан.

Ошол замандарда калк отурукташып, Ош оазисинин аймактарында туруктуу жашаганын дөбөлөр (көрүстөн) жана анын тарыхый-археологиялык табылгалары тастыктайт. Совет доорунда мындай дөбөлөр көп жолу изилденген жана айрым тарыхый-географиялык маалыматтар алынган.

Кыргызстандын эгемендүүлүк жылдарында дагы дөбөлөрдү изилдөөлөр жүргөн. Атап айтканда, Ош оазисинин эң байыркы дөбөлөрү Ооз-Дөбө, Тотон-Дөбө 1999-жылы Ю.А.Заднепровскийдин экспедициясы тарабынан изилденген.

Бул дөбөлөр Ош облусунун Кара-Суу районуна караштуу Кызыл-Кошчу айылынан 0,5 км де Ооз-Дөбө орун алган. Мурда анын аянты 20 га болуп, дөбөнүн жазылыгы 165 м, бийиктиги 11,5 м болгон.

Экинчи тарыхый-географиялык обьект Тотон-Дөбө болуп, аянты 1,5 га ны түзөт. Мындай изилдөөлөр аркылуу Түштүк Кыргызстандагы кургакчыл оазистерде калктын жашоосу эзелки доорлордо өнүккөнүн археологиялык дөбөлүү обьектилер далилдейт жана аларда кол өнөрчүлүк, соода, курулуш маданияты жана дыйканчылык маданияты болгонун далилдейт.

Бул ошол кездеги жашоого ыңгайлуу болушу үчүн 3 бөлүктөн турган катары колдонгондугу маанилүү. Бул аймактагы жергиликтүү калктар ар кандай топурак сымал жумшак материалдарды пайдаланып, идиш-аяктарды ж.б. буюмдарды жасай билгендигинин далили боло алат. Андагы керамикалык табылгалар, идиш-аяктар шурабашат маданиятына таандык экени далилденген.

Ош жана анын айланасындагы аймактарда жашаган эзелки калктардын жашоо-турмушу, чарбасы тармактарын жүргүзүү иштери дөбөлөр жана арык-каналдарга байланыштуу экени талашсыз. Байыркы суу каналдары менен байланыштуу дыйканчылык, бакчылык маданияты уланып келген. Алсак, Кара-Дөбө аймагынын эли Кара-Суу каналынын суусунан пайдаланган. Анын узундугу 26 км ди түзүп, Талдык дарыясынан суу алган. Бул каналдын жээктеринде калк жыш жашап келген.

Ош оазисине эзелки доорлордон эле Ак-Буурадан 12 канал, арыктар казылып айыл-кыштактарга, отор жашоочуларга суу берилген деп айтууга болот. 19-20 кылымдарда ашар жолу менен Увам чоң арык-канал казылган. Андан кийин «Якалик» каналы, Кайырма каналы, Түштүк каналы, Араван-Акбуура каналы, «Муян» каналы, Жайпас жана башка кичи каналдар оазис элине жашоо берип келген. Айрыкча, Отуз-Адыр каналынын айланасында көптөгөн кичи жана чоң айылдар калыптанып, калкы жер иштетүү жана бакчылык менен алектенишип келген.

Эзелтен эле коңшу өлкөлөрдөн, чет өлкөлөрдөн мусулмандар жана бөтөн элдер Ош шаарына, Сулайман-Тоого саякат кылып келишкендиктен Ак-Буура суусунан, анын алабындагы кооз жайларда эс алуучуларга шарт түзүү менен туризмдин тармактарын өнүктүрүү керек. Анткени, жергиликтүү калктын жылуу мезгилдерде бакчылык маданияттын негизинде ар кандай мөмө-жемиштерди дагы өстүрүшкөнү аныкталган.

**Жыйынтык:**

- Түштүк Кыргызстандын аймагындагы эң байыркы Ош жана анын айланасын тарыхый-географиялык илимий мааниси чоң;
- З.М. Бабурдун, араб географтарын, орус тарыхчыларынын Ош жана Сулайман-Too жөнүндөгү маалыматтарын талдоо жана аларды пайдалануу маанилүү ыкмалары такталды;
- Оштун тарыхый-маданий калыптануусун Ю.А.Задепровский 3 баскычка бөлгөнүн жана акыркы баскычты изилдөөнүн ролу бүгүнкү күндө да актуалдуу.

**Адабияттар:**


1. Бабур З.М. Бабурнааме (которгон) Режип Р. Арат [Текст] / З.М.Бабур. – Стамбул, - 2006. – С.18-24.
2. Заднепровский, Ю. А. Ошские поселение бронзового века [Текст] / Ю.А.Заднепровский // Известия А 71. Кыргырский ССР.- Фрунзе, - 1981. №2. – С. 1-12.
3. Абытов Б.К. Выдающиеся ученые и личности города Ош [Текст] Б.К. Абытов // «Түрк элдеринин дүйнө цивилизациясында алган орду жана ролу». Эл аралык илимий конференциянын жыйнагы. – Ош: Ош МУ, - 1999. – С. 139-141.

Ахлилла, Х. О. Город Ош [Текст] / Х.О. Ахлилла